Изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоеновнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **«Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери»** деген темадагы кандидаттык диссертациялык иши боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д13.23.673 диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын

**БҮТҮМҮ**

Эксперттик комиссиянын мүчөсү педагогика илимдеринин доктору, доцент А.С.Мукамбетова:

Изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоеновнанын 13.00.02 окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык диссертациялык ишин карап чыгып, төмөндөгүдөй чечимге келди:

1. **Диссертациялык кеңешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши:** Сунуш кылынган кандидаттык диссертация диссертациялык кеңештин (Д13.23.673) профилине туура келет. Изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоеновнанын 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча **«Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери»** деген темадагы кандидаттык диссертациясы диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Диссертациялык иште 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүү боюнча теориялык жана практикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

**2. Диссертациялык иштин максаты** катары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн теориялык негиздерин талдоо, илимий ыкмаларын иштеп чыгуу жана эксперименталдык текшерүү.

**Коюлган максаттар диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1.Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин профессионалдык педагогикалык даярдыгына байланыштуу маселелерге иликтөө жүргүзүү жана аларды жалпылаштыруу.

2. Педагогикалык факультеттердеги студенттердин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу процессинде болочок мугалимдин өзүнүн профессионалдык педагогикалык маданиятын калыптандыруунун жолдорун жана каражаттарын табуу.

3.Кыргыз тили, алиппе жана окуу предметтери аркылуу студенттин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштердин натыйжалуулугун аныктоо;

4. Кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу предметтери аркылуу болочок мугалимдин окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча профессионалдык даярдыгын калыптандырууда алынган жыйынтыктардын, тыянактардын негизинде практикалык сунуштарды даярдоо.

Коюлган максатка жетүүдө изденүүчү тарабынан коюлган милдеттер иште бир нече этапта аткарылган, аны аткаруу үчүн тийиштүү каражаттары менен камсыз болгон эксперимент жасоо методдору туура тандалып алынган. Изилдөө жумуштары изденүүчү тарабынан логикалык жактан туура белгиленип, аны эксперимент учурунда жасалган жумуштар толук канааттандырып, максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн ынанымдуу түзө алган.

**Диссертациянын изилдөө объектиси** Билим берүүнүн алгачкы этаптарында кенже курактагы окуучулардын жазуу маданиятын калыптандыруу процессин изилдөө.

**Изилдөөнүн методдору**: изилдөөнүн жалпы педагогикалык, психологиялык, методикалык, илимий адабияттарды, документтерди,

илимий булактарды талдоо, изилдөө жана жалпылоо, сурамжылоо, анкетирлөө, аңгемелешүү, тажрыйбаларды үйрөнүү, ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын изилдөө; педагогикалык эксперименттин калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу этаптардын тажрыйбаларын анализдөө жана синтездөө; педагогикалык экспериментте байкоо, кейс усулу, индукция жана дедукция, герменевтика методдору колдонулган.

Бул 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча изилдөөлөрдүн талаптарына туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу** Изилденип жаткан проблема кыргыз тилин Мамлекеттик тил катары өнүктүрүүнү талап кылган өлкө саясатына туура келет. Ал окутуунун бардык этаптарында башталгыч класстын окуучуларынын тилдик компетенттүүлүгүнүн көрсөткүчтөрүнүн бири болуп, жазуу маданиятын калыптандыруу үчүн аны калыптандыра турган башталгыч класстын мугалиминин өзү профессионалдык жактан даяр болбой жаткандыгы, иш билгилик жөндөмүнүн солгун болгондугунун өзү бүгүнкү күндүн көйгөйлүү маселелеринен экендигин. анын негизинде илимий-методикалык изилдөө иштерин жүргүзүү зарылдыгын ачыкка чыгарган. Мында бир катар карама-каршылыктар бар экендиги аныкталган, алар:

1 Башталгыч билим берүүнүн алгачкы этаптарындагы жазуу маданиятын калыптандыруу үчүн баланын курактык психикалык-физиологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ар бир педагогикалык жогорку окуу жайынын жана орто кесиптик окуу жайынын педагогикалык факультетинин студенттин окуучунун жазуу маданиятын (каллиграфиясын) калыптандыруу, өнүктүрүү багытында кесиптик компетенттүүлүгү калыптандырылышы зарыл, андагы окуу-тарбия процесси да мына ушуга багытталышы керек.

2. Окуучунун баштапкы билим алуу мөөнөтүндө жазуу маданиятын толук өздөштүрбөстөн артта калуусунун ордун кийин толтурууга болбойт, ал эми артта калуу аны жеңүү үчүн кыйла татаал жана атайын аракеттерди талап кылат. Мындай көрүнүш кол жазманын сулуулугу калыптанбаган абалда студенттерге көбүрөөк тиешелүү. Кенже мектеп окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча иш алып барууда окуучулардын жазуу техникасын бекем өздөштүрүү баскычынан мурда болушу керек деген божомол жазууну үйрөтүүнүн салттуу баскыч системасынын негизи болуп, биринчи этапта жазуу техникасын калыптандыруу маселеси чечилсе, ал эми

экинчи этапта жазуу маданиятын өнүктүрүү боюнча иш алып барууга болот, анын алкагында сүйлөө жана жазуу тилин түзүүдө алгач грамматикалык көндүмдөр эсептелет, ал эми функционалдык жагына экинчи даражадагы роль берилет. Мындай окутуунун натыйжасында кенже мектеп окуучусу жазуу тилинин жана маданиятынын түзүлүшүн, билим берүү эрежелерин жакшы өздөштүрөт, бирок аны турмуштук деңгээлде колдоно албайт. Ушуга байланыштуу инсанга багытталган билим берүү шарттарында, ошондой эле кенже мектеп жашындагы психолингвистикадагы кепти өнүктүрүүнүн аяктоочу мезгили катары тaануу менен кенже мектеп окуучуларынын жазуу тилин жана жазуу маданиятын окутуунун алгачкы стадиясында калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүнүн методдорун максаттуу издөө жана ишке киргизүүнүн объективдүү зарылдыгы кескин өскөндүктөн, ал программалык талаптар менен кенже мектеп окуучуларынын жазуу тили менен жазуу маданиятын өнүктүрүүнүн реалдуу деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктарды жоюуга мүмкүндүк берет. Илимий-теориялык актуалдуулугу катары педагогикалык факультеттердин студенттерине болочоктогу окуучусунун сабаттуулугун жоюу маселесин изилдеген эмгектердин санынын аздыгы. бул проблеманын актуалдуу экенин аныктайт.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу**

1.Республиканын жогорку окуу жайларынын педагогикалык факультетинде окуп жаткан студенттердин, башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу ишиндеги профессионалдык педагогикалык даярдыгын деңгээли, структуралык түзүмү аныкталып,такталган.

2.Башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданияттын калыптандыруунун жогорку деңгээли жана болочок педагогдорду даярдоону өркүндөтүүнүн жолдору аныкталган.

3.Студенттердин профессионалдык педагогикалык даярдыгын камсыз кылган каражат, форма, метод жана жогорку натыйжалуу технологиялары иштелип чыккан.

4.Окутуунун педагогикалык технологиялары (когнитивдик, коммуникативдик, рефлексиялык, аксиологиялык, социомаданий) иштелип чыккан.

5. Башталгыч класстардагы кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу боюнча тажрыйбалык грамматикалык жана жалпы адистик жөндөмдөр

боюнча темаларды жакшы сиңирүү үчүн болочок педагогдордун индивидуалдык потенциалын, өз алдынчалыгын өстүрүү боюнча педагогикалык каражаттар түзүлүп чыккан.

**Диссертацияда чыгарылган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун) жана изденүүчүнүн корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

**1-жыйынтык** жаңы, себеби башталгыч класстардын мугалимдеринин педагогикалык ишмердүүлүгү, алардын жогорку деңгээлдеги педагогикалык даярдыгы менен, маданияты менен тыгыз байланышта каралуучу жана ошого негизделген абалда болочок мугалимдин индивидуалдык мүнөзүнүн негизи иштелип чыккан.

**2-жыйынтык** жарым-жартылай жаңы, себеби профессионалдык педагогикалык маданият – коомдун өнүгүүсү менен өзгөрүп, анын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын, баалуулуктарын, идеаларын чагылдырып турган тынымсыз кыймылдагы динамикалуу көрүнүш экендиги аныкталган..

**3-жыйынтык** жаңы, себеби профессионалдык педагогикалык даярдыктын же маданияттын структуралык түзүмүндө болгон аксиологиялык, чыгармачылык, коммуникативдик, технологиялык компонеттерди камтыган жана буга чейин белгилүү болгон ыкмалардан айырмаланып, биз тигил же бул элементтин белгилүү бир педогогикалык кырдаалга карата колдонулушунун ролун көрсөткөн системаны түзүү зарылдыгы аныкталып, педагогикалык тажрыйбаны жалпылоонун негизинде анын структуралык түзүмдөрүн ажыратылып чыккан: когнитивдик, аксиологиялык жана рефлексиялык, коммуникативдик, социомаданий параметрлери каралып чыккан.

**4-жыйынтык** жаңы, себеби кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдин педагогикалык даярдыгын жана маданиятын калыптандыруу окуу материалын индивидуалдаштыруу жана дифференциациялоо жолу менен камсыздалып чыккан.

**5- жыйынтык,**жарым-жартылай жаңы, себеби кыргыз тилиндеги, адабий окуудагы жана алиппедеги кызыктуу материалдарды тилдин, карым-катыштын өзгөчө формасы катары активдүү колдонуу башталгыч класстардын болочок мугалиминин өзүнүн профессионалдык даярдыгын калыптандыруу жана өнүктүрүүдөгү натыйжалуу шарттары аныкталып чыккан.

**Алынган жыйынтыктын практикалык баалуулугу**

Башталгыч класстын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча педагогикалык-методикалык шарттардын бул изилдөөдө сунушталган комплекси кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында жогорку деңгээлдеги педагогикалык даярдыкка ээ болгон педагогдорду даярдоо процессинин натыйжалуулугун арттырат; болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгын арттырат жана тажрыйбада сыналган натыйжалуу формалары жана методдору изилдөөдөгү проблемаларды чечүүгө өбөлгө болот жана педагогдорду даярдоодо колдонууга болот, изилдөөнүн жыйынтыктары педагогикалык профилдеги окуу жайлардагы кыргыз тили, алиппе жана адабий окуу сабактарында окутуучуларга багыт берет.

**Диссертациянын материалдары төмөндөгү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган:**

Изилденген тема боюнча илимий-практикалык конференцияларда докладдар жасалган, макалалер жазылган, Улуттук аттестациялык комиссия талап кылган басылмаларда чагылдырылган, педагогикалык эксперименттерде текшерилген.

**Осмоналиева Сабира Чоеновнанын диссертациясынын материалдарын ишке ашыруунун жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй натыйжалар алынган.** Иште башталгыч класстын болочок мугалиминин профессионалдык педагогикалык даярдыгын калыптандыруу боюнча илимдин өнүгүшү үчүн бир кыйла мааниге ээ маселелерди камтып, азыркы мезгилде адистердин башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандырууда заманбап технологияларды колдонуу методиксы боюнча илимий жактан негизделген төмөндөгүдөй теориялык натыйжаларды берет:

**1-натыйжа.** Башталгыч класстын болочок мугалиминин профессионалдык педагогикалык даярдыгы жана маданияты түшүнүгүнүн калыптанышынын тарыхый шарттарына анализ жүргүзүлгөн, педагогикадагы жана психологиядагы болочок мугалимдин профессионалдык педагогикалык даярдыгынын, маданиятынын проблемалары иликтенген.

**2-натыйжа.**Мугалимдин кесиптик даярдыгынын калыптанышынын теориялык жана тажрыйбалык анализден өткөрүлгөн, республиканын жогорку окуу жайларындагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында болочок мугалимдердин педагогикалык ишмердүүлүгүнө карата иликтөөлөр жасалган.

**3-натыйжа.** Башталгыч класстын болочок мугалимдеринин кесиптик даярдыгын калыптандыруу процессинде кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарындагы жазуу жумуштарын окутууну индивидуалдаштыруунун ролу аныкталып, окуучунун жазуу маданиятын калыптандырууда предмет аралык байланыштар системасын колдонуунун өзгөчөлүктөрү такталган.

**4-натыйжа** Башталгыч класстардагы кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактарында окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун методикасы иштелип чыккан.

**5-натыйжа** Башталгыч класстардын окуучусунун жазуу маданиятын калыптандыруу боюнча жалпы мүнөздөмө берүү жана эксперименталдык иштер жүргүзүлгөн, кыргыз тили, адабий окуу жана алиппе сабактары боюнча болочок педагогдун педагогикалык даярдыгын калыптандыруу боюнча практикалык сунуштар иштелип чыгып жана тыянак, жыйынтыктар жалпылаштырылган.

**Изилдөөнөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылган:**


1. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Профессор Каратай Сартбаевдин эмгектеринде орфографиялык сабаттуулукка үйрөтүү маселелеринин изилдениши. Илим. Билим. Техника. 2023. № 1 (76). С. 152-156. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50354282
2. Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларынын жазуу маданиятын калыптандыруунун педагогикалык шарттары Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 204-210. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597516
3. Осмоналиева С.Ч., Сакиева С.С. Башталгыч класстын окуучуларына жазуу маданиятын калыптандырууну үйрөтүүнүн актуалдуулугу Федералдык мамлекеттик бюджеттик жогорку билим беруу мекемеси "Россия мамлекеттик социалдык университетинин" Кыргыз Республикасынын Ош шаарындагы филиалынын жарчысы. 2023. № 1 (27). С. 211-217. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=54597517
4. Осмоналиева С.Ч. Жогрку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын калыптандыруунун үйрөтүүнүн актуалдуулугугу. Эл агартуу. 2022. № 7-8. С. 36-42 https://cloud.mail.ru/public/VhJd/EHrAM67MV
5. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класстагы адабий билим берүү (адабий окуу предметинин мисалында) Alatoo Academic Studies. 2022. № 4. С. 110-116. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50277615

6. Тажибаева Ж.К., Осмоналиева С.Ч. Инсанды калыптандыруудагы психологиялык, педагогикалык аспектилер. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 2 (47). С. 98-103. file:///C:/Users/user/Downloads/2021-2%20(1).pdf

7. Шишкараева А.К., Осмоналиева С.Ч. Преемственность дошкольного образования в обучении учашихся начальных классов. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2021. № 4 (49). С. 1. file:///C:/Users/user/Downloads/2021-4%20(4).pdf

8. Sakieva S.S., Osmonalieva S.Ch. LITERARY READING: READING SKILLS, THEORY AND PRACTICE. Известия Кыргызской академии образования. 2020. № 2 (51). С. 191-196. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=42311358

9. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч класста сөз өстүрүүнүн изилдениши, тажрыйбалары. Alatoo Academic Studies. 2020. № 2. С. 28-35. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44236686

10. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн методикасынын изилдениши. Alatoo Academic Studies. 2020. № 3. С. 54-61. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=44451160

11. Темирбаева Г.К, Матисакова А, Осмоналиева С.Ч. Причины ухудшения памяти и пути улучшения его совершенствования. Вестник Жалал-Абадского государственного университета. 2016. № 2 (33). С. 2016-2.pdf

12. Ташкенбаева Ф.Р., Ураимов К.М., Мокуева Н.Ш., Осмоналиева С.Ч. Күнүмдүк сабак – бир чыгармага тете же бир күндүк сабактын иштелмеси жөнүндө. Bulletin Jalal-Abad State University. 2013. № 1 (27). С. 2013-1-2.pdf

13. Сакиева С.С., Мамбетова М.К., Осмоналиева С.Ч. Традиция и инновация в обучении литературы (1-статья) Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 40-42. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26453313

14. Сакиева С.С., Осмоналиева С.Ч., Тобокелова С.А. Традиция и инновация в обучении кыргызского народа (2-статья). Известия ВУЗов (Кыргызстан). 2005. № 4. С. 180-181. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=26453351

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**

Автореферат негизинен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет.

**Айрым мүчөлүштүктөр:**

1) Иштин 1-главасында “Жазуу маданиятынын калыптанышы» деген бөлүмдө изилденип жаткан темага тиешеси жок маалыматтар көп берилип калган.Андан көрө кыргыз элинин алгачкы кол жазмалары- оюу-чийүүлөр жөнүндө маалыматтардан берсе иш мындан да сапаттуу чыкмак.

2) 3-главанын 1-бөлүгү интебрвью формасында жазылып калган. Шилтемелер пайдаланылган адабияттын номуру жок(М:Масару Ибука айткандай 114-бет) публицистикалык стилде жазылып калган,илимий анализ жко.
3) Кол жазманы калыптандыруу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн этаптары кадам артынан кадам методу менен берилсе иштин сапаты мындан да жакшы болмок.
4) Айтайын деген ойдун негизги ядросуна жете албай эле тегеренип бирде ата эне менен кызматташтык,бирде мугалимге заманбап талаптар сыяктуу маселелер чачкын баяндалып калган. Каллиграфиянын калыптандыруу башталгыч класстын окуучусунда кандай сапаттардын өнүгүшүнө жардам берет,ушулар тууралуу кененирээк чечмелеп берсе жакшы болмок.
5) Блонский П.П.,Выготский Л.С.Леонтьевдер диссертациялык иштин текстинде берилгени менен булл авторлордун эмгектери пайдаланылган адабияттардын тизмесине кирбей калган.Бул эмгектерди адабияттардын тизмесине киргизүү керек.

Жогоруда айтылган мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна терс таасирин тийгизбейт. Диссертациялык изилдөө иши жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын үйрөтүүгө арналган кыргыз педагогикасындагы мезгил талабына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат.

**Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы жетектөөчү мекеме катары Ош МПУнун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу жана кыргыз тили жана адабияты кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада сунушталган илимдин тармагы боюнча илимдин доктору, 8 кандидаттары: Зулуев Б.Б. Б - педагогика илимдеринин доктору, профессор (13.00.01); Касымбеков Э.А.- педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.01); Миңбаева К.Б. – педагоги-ка илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Байышова Г.Ж. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Мадраимов С. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Арынбаев Э,К. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Абдывасиева З. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02); Турдубаева К.Т. - педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02), МинбаеваК.Б.- п.и.к. (13.00.02 кыргыз адабияты), Мондошов Ш.М. педагогика илимдеринин кандидаты, доцент (13.00.02 кыргыз тили), Джумаева Ж.Т.- филология илимдеринин кандидаты, Токтосунова А.Т. - филология илимдеринин кандидаты, Танаева Н.Т-

филология илимдеринин кандидаты, Келдибай кызы М.- филология илимдеринин кандидаты ж.б. адистер эмгектенет.

**Биринчи расмий оппонент катары** тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин филологиялык билим берүү кафедрасынын профессору, педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.А.Чымановду сунуш кылат (13.00.02). Анын эмгектери:

1.Тил илимине киришүү. -Бишкек, 2001.;

2.Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.-Бишкек, 2009.; 3.Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы.-Бишкек, 2015.; 4. Кыргыз тилин (мамлекеттик тил) окутуунун методикасы.-Бишкек,2016.

**Экинчи расмий оппонент катары** кыргыз тилин окутуунун теориясы менен практикасы боюнча адис педагогика илимдеринин кандидаты, доцент ОшМУнун Квалификацияны жогорулатуу борборунун директору Джороев Ташболот Абдыхайымовичти сунуштайт (13.00.02). Анын эмгектери: 1. Кыргыз тили, окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 6-классы үчүн окуу китеби.- Ош, 2001.2. Кыргыз тилин үйрөнөмүн, окутуу өзбек тилинде жүргүзүлгөн мектептердин башталгыч класстары үчүн окуу куралы.- Ош, 2001. 3. Кыргыз тили. Окуу китеби.-Бишкек, 2008.; 4. Кыргыз тили. Окуу китеби.- Бишкек, 2012.; 5. Кыргыз тили, практикалык курс.-Бишкек, 2020.;6. Окуучулардын өзүн-өзү таанып билүүсү жана жеке өнүгүү курсунун сабактары.-Бишкек, 2021.; 7. Келчи, балам, жаныма. Жаңылмачтар аркылуу балдарды өнүктүрүү.Окуу-методикалык колдонмо.- Ош, 2022.;8. Келчи, балам, жаныма. Табышмактар аркылуу балдарды өнүктүрүү. Окуу-методикалык колдонмо.-Ош, 2022.; 9. Келчи, балам, жаныма. Жомоктор аркылуу балдарды өнүктүрүү. Окуу-методикалык колдонмо.- Ош, 2022.; 10.Балдар адабиятын колдонуу аркылуу үй бүлөлүк окуу маданиятын калыптандыруу. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана, №3, 2023.

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы изденүүчүнүн документтерин карап чыгып И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д13.23.673 диссертациялык кеңешине адистиги боюнча 13.00.02-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн изденүүчү Осмоналиева Сабира Чоеновнанын «Жогорку окуу жайларынын педагогика факультетинин студенттерине окуучунун жазуу маданиятын

калыптандырууну үйрөтүүнүн илимий дидактикалык негиздери» деген темадагы диссертациялык ишин коргоого кабыл алынуусун сунуш кылат.

Эксперт п.и.д., доцент А.С.Мукамбетова

КАДРЛАР БӨЛҮМУ ОТДЕЛ КАДРОВ

Дата поступления заключения в ДС Д 13.23.673 11.05.2024г

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ